**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ИЧКИ ИШТЕР**
**МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО**
**ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

Бишкек ш. Фрунзе.к, 469
индекс: 720011
тел.: +996(312) 26-63-12
факс: +996 (312) 26-62-80
e-mail: secretariatmvd@gmail.com
ИНН: 02001202210257

г.Бишкек, ул. Фрунзе,469
индекс: 720011
тел.: +996(312) 26-63-12
факс: +996 (312) 26-62-80
e-mail: secretariatmvd@gmail.com
ИНН: 02001202210257

27.08.2026 ж. №63122 чыг.номерине
Исх26/100-1-1/35-11376 07.09.2026

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин**
**депутаты Д.Д. Бекешевге**

Урматтуу Дастан Далабайевич,

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги Сиздин 2026-жылдын 27-августундагы чыгыш № 63122 сандуу катыңызды карап чыгып, төмөнкүлөрдү маалымдайт.

Кыргыз Республикасынын 2026-жылдын 5-июнундагы № 81 “Жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамы кабыл алынган.

Аталган Мыйзамды ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 4-апрелиндеги № 202 “Транспорт каражаттарын мажбурлап эвакуациялоонун, аларды адистештирилген токтотуучу жайларга жайгаштыруунун, сактоонун жана дөңгөлөктөргө блокираторлорду же жабдуулардын башка түрлөрүн колдонуунун эрежелерин бекитүү жөнүндө” жана Кыргыз

ДОКУМЕНТ ИЧКИ ИШТЕР
МИНИСТРЛИГИНИН
ЭЛЕКТРОНДУК КОЛ ТАМГАСЫ
МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Э. Д. Аширходжаев,

Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 4-августундагы № 421 “Жол кыймылынын эрежелери жөнүндө” токтомдорун жаңы редакцияда иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлүүдө.

Ошол эле учурда, жогоруда аталган Мыйзамда каралган мопеддерди, мокиктерди, мотороллерлерди, скутерлерди, электроскутерлерди жана техникалык мүнөздөмөлөрү боюнча аларга окшош башка транспорт каражаттарын мамлекеттик каттоого алуу, аларды легалдаштыруу механизмин иштеп чыгуу, ошондой эле аталган транспорт каражаттарын башкаруучу адамдар үчүн “А-1” категориясы боюнча тиешелүү окуу процессин уюштуруу маселелери Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борборуна жүктөлгөн.

**Министрдин орун басары** **Э. Д. Аширходжаев**

ДОКУМЕНТ ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН ЭЛЕКТРОНДУК КОЛ ТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Э. Д. Аширходжаев,

Б. Айтикул уулу, 0709287290